**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын Көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө” 2023-жылдын 16-мартындагы №1009/1 буйругу менен бекитилген Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамынын 2023-жылдын 3-майындагы**

# протоколу

**Жыйналыштын төрагасы** – Нурунбетов Б.А.

**Катчы** - Абдыкеримов А.А.

**Жыйналышка катышкандар:**

1.Абдыкадыров Абдырасул Бектемирович – “Кара-Кулжа Билим” билим берүүнү колдоо фондунун директору.

2. Абдыкеримов Абдыманап Акматалиевич – ОшМУнун Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башкы адиси.

3. Белеков Жанек Омошевич – Ош шаардык Кыргыз-Түрк клиникасынын консультанты-эксперти.

4. Исмаилова Бүмайрам – “Жалпыга билим” коомдук фондунун директору.

5. Кайымов Талантбек Тилекматович - Ош шаардык Мэриясынын “Экономика, каржы жана инвестиция” бөлүмүнүн башчысы.

6. Калыкулов Керимбек Акматалиевич – С. Ибраимов атындагы Ош Улуттук драмалык театрынын директору.

7. Кыштообаев Орозалы Төрөбаевич – КРнын Айыл чарба министрлигинин жер ресурстары кызматынын “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын маалыматтык технологиялар секторунун башчысы.

8. Махаммадов Ахматжан – Ош облустук Статистика башкармалыгынын жетекчиси.

9. Нурунбетов Балтагул Аттокурович – Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы.

10. Тойчиев Чыныбек Абдымаликович- “РСК Банк” ААК Оштогу филиалынын директору.

**Жыйналышка чакырылгандар :**

1. Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич - Ош мамлекеттик университетинин ректору.

2. Токторов Кубаныч Кадырмаматович.,-ОшМУнун инвестициялар жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректору.
3. Курбанбаева Динара Шараповна-ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы.

**Күн тартиби**:

1. **Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын жана катчысын шайлоо.**

**Нурунбетов Б.А.:-** Урматтуу ОшМУнун Көзөмөлүлүк кеңешинин мүчөлөрү, КР Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгы менен өлкөдөгү беш жогорку окуу жайына, анын ичинде ОшМУга өзгөчө макам берилип окуу жайлары академиялык, каржылык-финансылык, уюштуруучулук өз алдынчылыка ээ болушту. Билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында ирилештирүү жүргүзүлдү. ОшМУнун кармагына Ош мамлекеттик юридикалык университети, Ош шаардык клиникалык ооруканасы, Ош шаардык №12 кесиптик лицеи, КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмү өттү.

Окуу жайынын Уставы каралып, такталып юстиция органында кайрадан катталды. Көзөмөлчүлүк кеңештин түзүмү Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 16-мартындагы №1009/1 буйругунун негизинде жаңыдан бекитилди.

Күн тартиби боюнча биз бүгүн кеңештин төрагасын жана катчысын шайлап алышыбыз керек. Кимде кандай ой, пикирлер, сунуштар бар?

**Абдыкадыров А.Б.:-**Бүгүнкү күнгө чейин ОшМУнун Көзөмөлүлүк кеңешин Б.А. Нурунбетов жетектеп келди, бардык ишти талаптагыдай алып бара жатат, тажрыйбасы жетишерлик, кийинки мөөнөттө да ишеничибизди актап жемиштүү иштеп берет деп ойлоймун. Мен Б.А. Нурунбетовду ОшМУнун Көзөмөлүлүк кеңешинин төрагалыгына сунуштайм.

**Нурунбетов Б.А.:-**Башка ой, пикирлер, сунуштар барбы?

**Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү:-**Башка пикир, сунуштар жок.

**Махаммадов А.:-**Анда бул маселени добушка коём: киде-ким, ОшМУнун Көзөмөчүлүк кеңешинин төрагасы болуп Б.А.Нурунбетов-Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын төрагасы шайлансын десе , добуш бериңиздер. "Макул"-9, "каршы"-жок, калыс-жок. Бир добуштан шайланды.

**Махаммадов А.:**-Эми ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысын шайлашыбыз керек. Кимиңиздерде кандай сунуштар бар?

**Калыкулов К. А.:** -ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөсү, бир эле мезгилде катчысы болуп А.А.Абдыкеримов иштеп келе жатат, алып барып жаткан ишинде кемчиликтер болгон жок, бардык маселелер иш-планга ылайык өз убагында каралып жатат, чыгарылган чечимдер боюнча эч кайсы тараптан арыздануулар болгон эмес, өткөн мезгилдеги убакыт анын тажрыйбасын көбөйттү деп эсептейм, жогордагыларды эске алып А.А. Абдыкеримовдун Көзөмөлчүлүк кеңештин катчысы болуп шайланышын сунуштайм.

**Махаммадов А.:**- Башка пикир, сунуштар барбы?

**Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү:-** Башка пикир, сунуштар жок.

**Махаммадов А.:**- Анда бул маселни да добушка коём: кимде-ким , ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы болуп ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башкы адиси А.А. Абдыкеримов шайлансын десе , добуш бериңиздер. “Макул”-9, “каршы”-жок, калыс-жок. Бир добуштан шайланды.

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы болуп шайланган Нурунбетов Балтагул Аттокурович-Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын төрагасы, катчысы болуп шайланган Абдыкеримов Абдыманап Акматалиевич-ОшМУнун пландоо-финансылык бөлүмүнүн башкы адиси, аталган коомдук кызматтарга бекитилишсин.

**ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы** **Б.А. Нурунбетов**

**Катчысы** **А.А. Абдыкеримов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

16.03.2023г. № 1009/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын Көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү жөнүндө**

2023-жылдын 15-мартындагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу билим берүү уюмдарынын Көзөмөлчүлүк кеңештерин тандоо жана түзүү боюнча комиссиясынын отурумунун № 20 протоколунун негизинде, **буйрук кылам:**

1. Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Көзөмөлчүлүк кеңеш 3-жыл ичинде аткарыла турган иш-чаралар планын бекитип 2023-жылдын 20-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине берсин.
3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**О формировании Попечительских советов государственных и муниципальных образовательных организаций подведомственных Министерству образования и науки Кыргызской Республики**

На основании протокола заседания комиссии по отбору и формированию Попечительских советов государственных и муниципальных образовательных организаций подведомственных Министерству образования и науки Кыргызской Республики от 15-марта 2023 года № 20 **приказываю:**

1. Утвердить состав Попечительского совета Ошского государственного университета согласно приложению №1.
2. Попечительстсий совет до 20 апреля 2023 года утвердить план работы на 3 года и предоставить в Министерство образования и науки Кыргызской Республики.
3. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

Министрдин орун басары Абазбек уулу Расул

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрининин
2023-жылдын «16.03.» 1009/1
буйругу менен бекитилди

**Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамы**

1. Абдыкадыров Абдырасул Бектемирович – "Кара-Кулжа Билим" билим берүүнүн колдоо фондунун директору;
2. Абдыкеримов Абдыманап Акматалиевич – ОшМУнун Пландоо – финансылык бөлүмүнүн башкы адиси;
3. Белеков Жанек Омошевич – Ош шаардык Кыргыз-Турк клиникасынын консультанты-эксперти;
4. Исмаилова Бумайрам – "Жалпыга билим" коомдук фондунун директору;
5. Кайымов Талантбек Тилекматович -Ош шаардык Мэриясынын "Экономика,каржы жана инвестиция" бөлүмүнүн башчысы;
6. Калыкулов Керимбек Акматалиевич – С.Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театрынын директору;
7. Кыштообаев Орозалы Торобаевич – КРнын Айыл чарба министрлигинин жер ресурстары кызматынын "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын маалыматтык технологиялар секторунун башчысы;
8. Махаммадов Ахматжон – Ош облустук Статистика башкармалыгынын жетекчиси;
9. Нурунбетов Балтахун Аттокурович – Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын Ош облусунун төрагасы;
10. Омуров Нурлан Кубатович – Улуттук эксперт;
11. Тойчиев Чыныбек Абдималикович – "РСК Банк" ААК Оштогу филиалынын директору;